УДК: 809.434.1:894.341

Абдыкеримова А.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ,*
Кыдыкбаева К.
*Э.Арабаев ат. КМУнун Лингвистика институту*

# КӨРКӨМ ТЕКСТТИ КОММУНИКАТИВДИК АСПЕКТИДЕ ТАЛДООГО АЛУУНУН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада көркөм текстке коммуникативдик өңүттөн мамле кылууда жана тексттин коммуникативдик структурасын иликтеп-талдоодо олуттуу мааниге ээ болуучу айрым жагдайлар кыскача сыпаттоого алынат.*

Акыркы убакта жалпы тил илиминде функционалдык стилистиканын бир багыты катары «көркөм тексттин коммуникативдик стилистикасы» деген багыт калыптана баштаганы белгилүү. Ал текстти коммуникациянын бир формасы жана идиостилдин бир көрүнүшү катары комплекстүү изилдеп-үйрөнүүчү тармактардын кесилишкен чегинде пайда болду. Аталган жаңы багытка көркөм текстти коммуникативдик-ишмердүүлүк өңүттө кароо, тексттин ассоциациялык мазмуну (өзгөчөлүктөрү), адресанттын жөнгө салуучу функцияны ишке ашыруусу, тексттик ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу сыяктуу маселелерди талдоого алуу мүнөздүү.

Изилдөөчү Л.Г.Бабенко көркөм текстти изилдеп-үйрөнүүнүн төмөнкүдөй аспектилерин бөлүп көрсөткөн: лингвоцентристтик, текстоцентристтик, антропоцентристтик жана когнитивдик [1:16]. Антропоцентристтик же коммуникативдик-прагматикалык аспект көркөм текстти анын авторунун (жаралуу аспектиси) жана адресатынын (кабылдоо аспектиси), ошондой эле тексттин окурманга таасир тийгизүү позициясынан интерпретациялоого багытталган. Буга байланыштуу, антропоцентристтик аспект өзүнө текстти адабий талдоонун психолингвистикалык, прагматикалык жана коммуникативдик багыттарын камтыйт. Когнитивдик аспектинин чегинде текст автордун чындык тууралуу билимдерин туюндурган, тилдик каражаттардын белгилүү тартипте уюшулушу аркылуу берилген татаал белги катары каралат. Көркөм текст бул жерде дүйнөнүн жеке-автордук сүрөтүнүн чагылдырылышы болуп саналат.

Текстти лингвистикалык иликтеп-үйрөнүүнүн заманбап теориясы изилдөө обьектиси жана предмети катары тексттин татаалдыгын жана көп кырдуулугун таанууга негизделген. Текстти көп катмарлуу, көп деңгээлдүү, бирок бир бүтүн семантикалык талаага ээ обьект караган көз караштар үстөмдүк кылат. Тил илими үчүн салттуу болуп текстти стратификациялык негизде – тилдин деңгээлдеринин өз ара байланыштагы жана өз ара аракеттеги системасы катары – карап-түшүндүрүү эсептелет. Мында лексикалык деңгээл көркөм тексттин идеялык-тематикалык мазмунун жана концептуалдык мейкиндигин калыптандыруу, туюндуруудагы эң маанилүү деңгээл болуп эсептелет. Ошондой эле текст идеялык-эстетикалык, жанрдык-композициялык, тилдик деңгээлдердин биримдиги болуп саналарын да эстен чыгарбашыбыз зарыл. Көркөм жана көркөм-публицистикалык тексттердин эстетикалык, метрикалык, суперсегменттик (ыргактык жана ыргактык-мелодикалык), композициялык-синтаксистик аспектилери, фабула планы, идеялар планы ж.б. да өзүнчө бөлүнүп, иликтөө-талдоого алынып келе жатат. Тексттерди изилдөө аспектилерин жалпылаштырып,

төмөнкүдөй негизги төртөөнү бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) функционалдык-стилистикалык, 2) структуралык-тилдик же таза лингвистикалык, 3) тексттик же структуралык-семантикалык, композициялык-маанилик, 4) коммуникативдик.

Булардын ичинен текстти коммуникативдик аспектиден талдоого алууда төмөнкү жагдайларды эске алуу талапка ылайык: 1) ар бир тексттин артында анын жаратуучусу – автору, кайталангыс тилдик инсан турат; 2) ар бир текст социумга, адресат-окурманга багытталган. Мындай шартта текст кеп актысынын аналогу катары каралат жана кептин автору, анын коммуникативдик багыты, адресат жана аны менен байланыштуу перлокуциялык эффект, башкача айтканда, окурманга таасир этүү сыяктуу прагматикалык параметрлерге ээ болот [5:65; 3:119].

Коммуникативдик аспектиде лингвистикалык жана экстралингвистикалык маңызга ээ болгон тексттик динамикалуу бирдиктер бөлүнүп көрсөтүлөт. Алар функционалдык жана коммуникативдик жактан айырмаланат.

Тексттин негизги эки деңгээли бир экени белгилүү: маалыматтык-маанилик деңгээл жана прагматикалык деңгээл. Ар бир деңгээлди түзгөн деңгээлчелер, ар бир деңгээлчеге тиешелүү тексттик бирдиктердин түрлөрү жана бул бирдиктерге шайкеш келген кеп жана тил бирдиктери бар.

Маалыматтык-маанилик деңгээлде төрт деңгээлче бар: фонетикалык, морфологиялык, лексикалык, синтаксистик деңгээлчелер. Аларга тыбыш, морф, лекса, сөз айкашы, айтым сыяктуу кеп бирдиктери жана аларга туура келүүчү фонема, морфема, лексема, сөз айкашы, сүйлөм өңдүү тилдик бирдиктер тиешелүү болот.

Прагматикалык деңгээл өз ичинен эки деңгээлчеден турат: экспрессивдик-стилистикалык жана функционалдык-стилистикалык. Прагматикалык деңгээлде кептин стилистикалык ыкмалары, бирдиктери актуалдашат.

Аталган эки деңгээлдин биримдиги аркылуу көркөм текстте берилүүчү ой-маңыз, подтексттик жана концептуалдык идея туюндурулат. Ал эми ой-маңыз, идея кандайча туюндурулары көркөм тексттин коммуникативдик структурасына жараша болот. Коммуникативдик структура көркөм текстти коммуникативдик аспектиден талдоого алууда негизги орунда турат жана бул структуранын өзөктүү түзүүчүлөрүнүн бири болуп баяндоо структурасы эсептелет.

Белгилүү болгондой, текстти филологиялык талдоо чыгарманын композициялык-кептик (тексттик) системасын, анын негизинде (чыгарманын) баяндоо структурасын талдоо аркылуу ишке ашырылат. «Баяндоо структурасы» деген түшүнүк тексттин баяндоочунун көз карашы, кеп субьектиси, баяндоонун тиби сыяктуу категориялары менен байланыштуу. Алгач М.М.Бахтин, В.В.Виноградовдордун илимий эмгектеринде белгиленип, алардан кийинки изилдөөчүлөр да карманып келе жаткан пикир боюнча, баяндоо ар түрдүү көз караштан, ар кайсы жак аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн. Ошентсе да көркөм чыгармада, өзгөчө, прозалык чыгармаларда каармандын көз карашы, баяндоосу аркылуу берүү ыкмасы өнүгүү тенденциясына ээ экенин айта кетүүгө болот.

Баяндоочунун көз карашынын көрсөтүлүшү сүйлөөчүнүн кебине кайрылуу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Мындай учурда чыгарманын текстинде «ар кыл субьектилик-кептик пландардын динамикалык карым-катышы түзүлүп,

баяндоочунун кеби менен каармандардын кебинин корреляциясы байкалат. Мындай корреляция түрдүү формаларда болушу мүмкүн: төл сөз, бөтөн сөз, кыйыр сөз, ички кеп, өздүк эмес кыйыр кеп» [7:325]. Бөтөн бирөөнүн кебин түздөн-түз туюндуруучу каражаттар болбогон учурда баяндоо структурасы үчүн маанилүү болуп каармандын көз карашын, мезгилдик-мейкиндик позициясын жүйөлөөчү сыпаттоо компоненттерин тандап алуу жана алардын ырааты эсептелет.

Изилдөөчү Н.А.Кожевникованын пикиринде: «Каармандын көз карашын анын кебинин формаларына кайрылбай туруп туюндуруу мүмкүнчүлүгү баяндоочунун субьектилик жана стилистикалык структураларынын коошпостугун пайда кылат. Баяндоонун автордук, обьективдүү мүнөзү салыштырмалуу болот, анткени кептин түзүлүшү баяндоонун субьектилик тиешелүүлүгү менен дал келбейт. Автордук баяндоо кимдин көз карашын билдирип жатканына жараша эки жактуу болушу мүмкүн: автордун өзүнүн көз карашынбы же каармандын көз карашынбы. Эгер баяндоодо автордун көз карашы берилсе, ал толугу менен бир гана пландуу жана обьективдүү болот. Бирок обьективдүү формага ээ болгон баяндоо каармандын көз карашын да билдирип, субьективдүү маңызга да ээ болушу ыктымал. Автордук баяндоодо субьективдүүлүктүн үлүшү канчалык экенине жараша, бүтүндөй чыгарманын түзүлүшүн да, баяндоонун башка типтери менен карым-катышын да, автордун образын да аныктоого болот [4: 118-119].

Ал эми В.В.Виноградовдун пикири боюнча «Каармандардын кептик структурасынын баяндоочу менен карым-катышы чыгарманын баяндоо структурасы же нарративдик структурасын түзөт да, сүрөттөлүп жаткан дүйнөнү туюндуруунун ыкмасы болуп саналат» [2:118].

Көркөм прозада баяндоо структурасы чыгарманын автору менен баяндоочу же аңгемечини принципиалдуу түрдө айырмалоого негизделет (айта кетүүчү нерсе, **аңгемечи** оозеки кепти имитациялоого багытталган баяндоо типтерине карата колдонулат). Ал эми «көп үндүүлүк» мүнөздүү болгон тексттерди кароодо баяндоочунун «үнү» менен каармандардын «үнүн» айырмалоо зарыл. Баяндоонун структурасында тексттин адресатынын позициясы да чагылдырылышы мүмкүн, кээ бир учурларда аны менен байланыш түзүү каражаттары да белгиленип көрсөтүлөт.

Каармандын субьектилик-кептик планын, көз карашын берүүгө багыт алуу автордук баяндоонун субьективдешүүсүнө алып келип, ал түрдүү даражада байкалышы ыктымал. Анын натыйжасында, прозалык чыгарманын текстинде контексттердин үч тиби кездешет: 1) түздөн-түз автордук баяндоону камтыган контексттер, 2) каармандардын түрдүү формадагы кебин туюндурган контексттер жана 3) автордук план менен каарман планын айкалыштырган контексттер.

Баяндоо структурасы көп учурда баяндоо тиби аркылуу жүйөлөнөт. Баяндоо тиби дегенибиз – салыштырмалуу туруктуу композициялык-кептик формалар, алар баяндоонун тигил же бул формасы менен байланыштуу болот. Баяндоо тибинин негизин кеп ыкмалары менен каражаттары системасы түзөт. Мындай система бүткүл баяндоочу же каармандын тексттин же анын айрым фрагменттеринин өзөгүн түзүүчү көз карашы менен шартталат.

Ал эми бир чыгармада баяндоонун ар кыл ыкмаларын бириктирүү анын лексика-грамматикалык каражаттарынын уюшулушу өзгөчө мүнөзгө ээ болорун

шарттап, жак формаларынын алмашуусун, жактама ат атоочтордун корреляциясын, дейксистик бирдиктерди, бөлүкчөлөрдү, модалдык сөздөрдү ж.б. колдонууда фокустун өзгөрүүсүн аныктайт. Ошондуктан, айрыкча, көлөмдүү тексттерде баяндоо типтери бири-бири менен өз ара түрдүүчө айкалышып, тексттин бир тектүү эмес, татаал системасын түзөт. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы» сыяктуу романдарынан баяндоо типтеринин бир тектүү эмес, татаал системасын көрө алабыз.

Баяндоо типтеринин системасында ядролук эки форма – биринчи жактан баяндоо жана үчүнчү жактан баяндоо – бири-бирине каршы коюлат. Алар баяндоо ыкмасы, баяндоочунун образынын мүнөзү жана тиешелүү түрдө субьективдүүлүк/обьективдүүлүк, ишенимдүүлүк /ишенимдүү эместик, сүрөттөөнүн баяндоочунун мезгил-мейкиндиктик көз карашы менен чектелгендиги/чектелбегендиги сыяктуу белгилер менен айырмаланат. 1-жактан баяндалган чыгармаларда баяндочу каарман да болуп саналат, демек, башка каармандар менен катар чыгармада сүрөттөлгөн дүйнөнүн бир фигурасы катары каралат. Мында баяндоочу өзү көргөн, сезген нерселер тууралуу кеп кылат.

Баяндоочулардын образдары түрдүү мүнөзгө ээ. Баяндоочу персонификацияланып, чыгарманын каарманы болушу мүмкүн, тескерисинче, окуялардан сырткары, баяндалып жаткан дүйнөнүн «үстүндө» турушу мүмкүн. Буга жараша, баяндоочулар эки түрдө болот:

1) Персоналдык баяндоочу – «мен» формасындагы аңгемечи, ал чыгармадагы окуяларга күбө болгон, байкоо салган, көргөн, түздөн-түз катышкан жана ошол окуяларды айтып берип жаткан жак. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Жамила», «Саманчынын жолу» повесттеринин сюжеттик өнүгүшү персоналдык баяндоочунун көз карашы аркылуу өнүктүрүлгөн жана чечмеленген .

2) Аукториалдык баяндоочу (лат. auctor – жаратуучу, жасоочу) баяндалып жаткан дүйнөдөн сырткары турган, бирок аны түзүп (уюштуруп), адресатка окуялардын өздүк интерпретациясын сунуштап жаткан жак. Ал «бардыгын билет». Мындай баяндоочу 3-жак аркылуу баяндалган чыгармаларда орун алат. Ч.Айтматовдун «Ак кеме», «Гүлсарат» повесттеринин тексттик мейкиндиги аукториалдык баяндоочунун жардамы менен уюшулган.

Баяндоочулардын көрсөтүлгөн эки тибинин ортосунда аралык абалдагы формалар да кездешет, мисалы, баяндоочу-хроникер. Хроникер чыгармада байкоочу позициясында болуп, персонификацияланышы мүмкүн, бирок анын окуялар менен фактыларды сүрөттөөсү обьективдүүлүк мүнөзүнө салыштырмалуу гана ээ болот, аукториалдык баяндоочудай «бүт бардыгын эле биле бербейт». Алсак, Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинде хроникер-баяндоочу бар экенин көрүүгө болот. Чыгарманын сюжеттик-композициялык структурасынын негизги окуялары башкы каарман Алтынайдын атынан (тактап айтканда, Алтынайдын жазган каты аркылуу 1-жактан) баяндалат, ошол эле учурда бул чыгармада «мендин» атынан 1-жактан баян жүргүзгөн дагы бир хроникер-баяндоочу бар.

Баяндоо 3-жактан берилген чыгармаларда баяндоочу башка мезгилдик-мейкиндиктик пландагы, башка деңгээлдеги фигура катары башка каармандарга

каршы коюлат. Ал обьективдүү байкоочу же «баарын билген» аңгемечи болушу мүмкүн. Ошондуктан баяндоонун бул тибинин негизги өзгөчөлүгүн кыйла даражадагы обьективдүүлүк, каармандардын ички дүйнөсүн, жашоо-турмушун толук, жетиштүү деңгээлде сүрөттөп берүү эсептелет. 1-жактан баяндоодо «баяндоочунун кеби − каармандардын кеби» карым-катышы орун алса, 3-жактан баяндоодо «баяндоочунун кеби − каармандардын субьектилик-кептик планы» карым-катышы орун алат.

Алсак, Ч.Айтматовдун «Жамила» повестиндеги окуялар 1-жактан баяндалган. Мында кыйла даражада индивидуалдуулук, баяндоонун субьективдүүлүгү, сүрөттөлүп жаткан окуялардын баяндоочунун (лирикалык каарман же Сейит) көз карашы, турмуштук тажрыйбасы, кругозору, дүйнөтаанымы менен чектелгендиги орун алат. Тактап айтканда, согушка да, Жамила менен Садыктын үй-бүлөлүк мамилелерине да, Жамила менен Даниярдын адамдык ички-тышкы натурасына да, акыры келип, алардын ортосундагы сезимге да Сейиттин көз карашынан баа берилет. Ал эми «Ак кеме» повести 3-жактан баяндоо формасы аркылуу уюшулгандыктан, андагы каармандарды, маселен, Баланын, Момундун, Орозкулдун, таежеси Бекейдин ж.б. ички-тышкы дүйнөсү, жашоо-турмушу, өз ара мамилелери жетиштүү даражада, сырткаркы байкоочунун көз карашы аркылуу обьективдүү чагылдырылган.

Тексттин коммуникативдик структурасы өзүнө автордун идиостили аспектисиндеги коммуникативдик стилистиканы да камтыйт. Идиостиль түшүнүгү көп аспектилүү болуп, өзүнө автордун тилдик инсанынын ар түрдүү өзгөчөлүктөрүн интеграциялайт. Бул жагынан алганда, идиостиль комплекстүү мүнөзгө ээ деп айтууга болот. Ал автордун социалдык-тарыхый маңызын, улуттук, индивидуалдуу-психологиялык жана нравалык-этикалык өзгөчөлүктөрүн ар кыл өңүттө чагылдыра алат. Идиостиль аркылуу автордун дүйнөтаанымын, дүйнөгө болгон көз карашы менен ал тууралуу билимдерин, дүйнөнүн концептуалдык картинасын кандай кабылдарын, тезаурусун, жалпы, фондук жана тилдик маданиятын баамдоого болот. Демек, идиостиль дегенибиз − тексттик деңгээлдер (структура, семантика, прагматика) аркылуу туюндурулган жеке инсандык стиль деп айтууга болот. Башкача айтканда, идиостилди тигил же бул автордун чыгармаларына мүнөздүү болгон мазмундук жана формалык лингвистикалык мүнөздөмөлөрдүн системасы катары кароо талапка ылайык. Ал тилдик туюндуруунун автордук ыкмасынын өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Дал ушул идиостилдик өзгөчөлүктөр ар бир автордун жазуу манерасынын индивидуалдуулугунан байкалат. Мисалы, Ч.Айтматовдун орусча жазылган «Гүлсарат» повестин жазуучу А.Жакыпбеков кыргызчалаткан. Ырас, бул котормо кыргыз көркөм котормо өнөрүндөгү мыкты үлгүлөрдүн бири деп эсептелет. Бирок Ч.Айтматов өзү кыргызча жазган «Жамила», «Бетме-бет», «Саманчынын жолу» же «Биринчи мугалим» повесттери менен кылдат салыштыра келсек, «Гүлсараттын» кыргызча варианты менен аталган повесттерден эки башка автордун идиостили байкалып турганын баамдоого болот. Демек, экөө тең чебер прозаик болгону менен, Ч.Айтматов башкаларга окшобогон өзүнчө,

А.Жакыпбеков да өзүнчө инивидуалдуу жазуу манерасына, идиостилге ээ деп айтууга толук негиз бар.

Автордун тилдик инсанынын когнитивдик деңгээли чыгармаларынын идеялык-тематикалык жана индивидуалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрүнөн көрүнөт. Башкача айтканда, автор эмне тууралуу жазат, эмнеге үндөйт, аны кандай каражаттардын жардамы менен ишке ашырат деген суроолор менен байланыштуу болот. Чыгарманы ушундай көз караштан иликтеп-талдоо анын авторунун идиостилинин аспектилери тууралуу кеп кылууга мүмкүнчүлүк берет.

Автордун тилдик инсанынын жүйөлөөчүлүк деңгээли тексттик ишмердүүлүктүн конкреттүү кептик туюндурулушка ээ болгон максаттары менен жүйөлөрүн билдирет. Ал регулятивдүүлүк түшүнүгү менен байланыштуу экенин изилдөөчү Е.В.Сидоров көрсөткөн. Регулятивдүүлүк дегенибиз – «тексттин информативдүүлүк, структуралуулук, интегративдүүлүк менен байланышкан системдүү белгиси» [6:220]. Ар бир айтым тексттин маңызын, концептуалдык идеясын туюндурууга, коммуникативдик эффект түзүүгө багытталгандыктан, регулятивдүлүктүн ыкмалары менен каражаттары автордун идиостилинин маанилүү көрсөткүчтөрүнөн болуп саналат.

Арийне, көркөм тексттин коммуникативдик структурасына байланыштуу проблемалар жогоруда белгиленгендер менен эле чектелип калат деген – таптакыр туура эмес көз караш. Көркөм текстке коммуникативдик өңүттөн мамиле кылуу, тексттин коммуникативдик структурасы, баяндоо структурасы жана типтери, идиостиль маселелери тууралуу кыргыз тил илиминин текст таануу багытындагы айрым эмгектерде учкай гана кеп козголуп кеткени болбосо, азырынча терең иликтене элек маселелердин катарына кирет. Ошондуктан аталган жана алар менен түздөн-түз байланыштуу болгон маселелердин алкагы алдыда кеңири пландагы системалуу иликтөө-талдоолорго предмет болот деген пикирдебиз.

Адабияттар:

1. Бабенко Л.Г. Лингвистический анализ художественного текста. - Екатеринбург, 2000.
2. Виноградов В.В. О теории художественной речи. –М.: Высшая школа, 1971.
3. Карасик В.И. Язык социального статуса. –М.: УРСС, 2002.
4. Кожевникова Н.А. О типах повествования в советской прозе. //Вопросы языка современной русской литературы. –М.: Наука, 1971.
5. Николина Н.А. Филологический анализ текста. –М.: Академия, 2003.
6. Сидоров Е.В. Проблемы речевой системности. –М.: Наука, 1987.
7. Хализев В.Е. Теория литературы. –М.: Высшая школа, 2002.